УДК: 374.2.502
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.62

**Ражапбаева П.**
**К.Карасаев атындагы БМУ**
**Султаналиева Г.**
**мектепке чейинки мекемелердин методисти**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯЛОО

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада мектепке чейинки курактагы балдарды экологияны, табиятты коргоого, сүйүүгө, айлана-чөйрөгө экологиялык маданиятынын калыптанышына, өсүшүнө өбөлгө түзүү, экологиялык жактан тарбиялоо жөнүндө сөз болот. Ушунун негизинде билимдин, жөндөмдүн, ыкмаларынын мазмунун тереңдетүүгө, мектепке чейинки курактагы балдарды бүгүнкү чындыка оң мамиле жасоого, жүрүш-туруштун оң көрүнүштөрүн калыптандырууга, айлана-чөйрөнү сүйүүгө жана анын байлыктарын арттырууга жигердүүлүк менен катышууга көңүл бурууну күчөтүү жөнүндө кеп болот. Мектепке чейин экологиялык билим берүүнүн методдору, формалары жана каражаттары ачылып, экологиялык маданият, экологиялык билим берүүнүн максаты, экологиялык тарбиянын милдеттери жазылган. Мектепке чейинки курактагы балдарды экологиялык тарбиялоодо балдарды өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жакшы абалда болушунун белгилери жана алардын жаман жагына өзгөрүүлөрү менен тааныштыруу ыкмалары көрсөтүлгөн. Тарбиячы сейилдеген учурда балдарды табигый чөйрөдө маданияттуу жүрүм-турумдарга үйрөтүүсү зарылдыгы белгиленген.

**Түйүндүү сөздөр:** экология, экологиялык тарбиялоо, экологиялык маданият, экологиялык билим, айлана-чөйрө, табият, жаратылыш, көндүм, дидактикалык сабак, тарбиячы, аёо сезим.

**Ражапбаева П.**
**БГУ им.К.Карасаева**
**Султаналиева Г.**
**методист ДОО**

# ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

**Аннотация**

В данной статье рассматривается формирование и воспитани детей дошкольного возраста к защите и любви, бережному отношению окружающей среде, природе, экологии в целом. Исходя из этого, речь идет об усилении направленности на углубление содержания знаний, умений, приемов, положительном отношении дошкольников к сегодняшней действительности, формировании положительных моделей поведения, любви к окружающему миру и активном участии в приумножении его ресурсов. Раскрываются методы, формы и средства экологического воспитания дошкольников, экологической культуры, цель экологического воспитания, задачи экологического воспитания и т.д.. В этой статье также рассмотрены, что для экологического воспитания дошкольников необходимо наглядно и иллюстративно показать приемы ознакомления детей с признаками хорошего

состояния растений и животных и изменениями их в плохую сторону, и сответствнно проанализировать. Также для правильного экологического воспитания перечислены список некоторых видов игр.

**Ключевые слова:** экология, экологическое образование, экологическая культура, экологическое образование, окружающая среда, природа, метод, навык, дидактический урок, воспитатель, сострадание.

**Razhapbaeva P.**
**BSU named after K. Karasaev**
**Sultanalieva G.**
**methodologist of the preschool educational institution**

**ECOLOGICAL EDBCFTION OF PRESCHOOL CHILDREN**

**Abstract**

This article discusses the formation and education of preschool children for protection and love, respect for the environment, nature, and ecology in general. Based on this, we are talking about strengthening the focus on deepening the content of knowledge, skills, techniques, a positive attitude of preschoolers to today's reality, the formation of positive behavior patterns, love for the world around us and active participation in increasing its resources. The methods, forms and means of ecological education of preschoolers, ecological culture, the purpose of ecological education, the tasks of ecological education, etc. are revealed. This article also considers that for the ecological education of preschoolers it is necessary to clearly and illustratively show the methods of familiarizing children with the signs of a good state of plants and animals and their changes for the worse, and analyze accordingly. Also, for proper environmental education, a list of some types of games is listed.

**Keywords:** ecology, ecological education, ecological culture, ecological education, environment, nature, method, skill, didactic lesson, educator, compassion.

Жашоо-турмуштун социалдык-саясий, экономикалык, илимий-техникалык жана маданий аспектилеринде тынымсыз өзгөрүп жаткан дүйнө шартында курчаган чөйрөнү коргоо азыркы учурда эң орчундуу көйгөйлөрдүн бири болуп калды.

Азыркы учурда табиятка көрсөтүлүп жаткан таасирдин мүнөзү адамды бизди курчаган чөйрөдөгү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өз ара мамилелеринин шайкеш келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн тереңдетип жана ар тараптан таанып-билүү зарылчылыгын алдына коюп олтурат.

Адамдын экологиялык маданиятынын калыптанышы жаңыча экологиялык ой жүгүрткөн жаш муундарды тарбиялоодо базис болуп саналат. Буга байланыштуу тарбия берүү, анын ичинде тарбиянын башталгыч звеносу болгон – мектепке чейинки тарбия берүү олуттуу өзгөртүүлөрдү талап кылат. Элге билим берүүнүн жалпы системасында мепктепке чейинки уюмдар үй-бүлө, мектеп жана коомчулук тыгыз байланышта баланын инсанын негиздерин түптөөгө, балдарга ар тараптан шайкеш тарбия берүүгө, анын ичинде экологиялык тарбия

берүүгө тийиш.

Ушунун негизинде билимдин, жөндөмдүн, ыкмаларынын мазмунун тереңдетүүгө, мектепке чейинки курактагы балдарды бүгүнкү чындыка оң мамиле жасоого, жүрүш-туруштун оң көрүнүштөрүн калыптандырууга, айлана-чөйрөнү сүйүүгө жана анын байлыктарын арттырууга жигердүүлүк менен катышууга көңүл бурууну күчөтүү зарылчылыгы жана максатка ылайыктуулугу илимий жактан ырасталган.

Бала бакчаларды жаратылышты коргоо жагынан тарбия берүүнүн белгилүү компоненттери бар. Ал жаратылышта болуп жаткан өз ара байланышты балдардын түшүнүүсүн өнүктүрүүгө, адамдын табиятка карай иш-аракетинин кесепетин түшүнүүгө негизделиши керек.

“Табият менен таанышуу”, “Курчап турган чөйрө менен таанышуу” , “Экологиялык тарбия” бөлүмдөрү боюнча мектепке чейинки жаш курактагы балдарды тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн типтүү программасынын негизинде бүткүл мектепке чейинки тарбия берүүнүн аралыгында наристелерде туура көз карашты калыптандыруу керек.

Экологиялык билим – бул бизди курчап турган жандуу жаратылыштын структурасы жөнүндө, жердин биосфералык бүтүндүгү аны менен кандай айкалышта иштеп жаткандыгы жөнүндө билим.

“Экологиялык маданият” деген түшүнүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Табиятка зыян келтирүүгө жол бербей турган билим;
- Айлана-чөйрөгө сарамжал мамиле жасоого;
- Жаратылышты коргоого жана анын байлыктарын арттырууга багытталган практикалык жөндөмгө ээ;
- Табиятка сарамжал мамиле жасоо демилгесин көтөрүү;

“Экологиялык билим берүүнүн максаты”:

Бул мектепке чейинки курактагы балдарда экологиялык маданияттын жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн негиздерин калыптандырууга көмөк көрсөтүү болуп саналат, бул төмөнкүлөрдү милдеттендирет:

- Курчаган чөйрө жөнүндө, адам үчүн анын мааниси жөнүндө баштапкы билимди бала үчүн жеткиликтүү түшүндүрүп берүү;
- Жаратылышты сүйүүгө, аны коргоо зарылчылыгына;
- Жаратылыш байлыктарын арттырууга эмоционалдык –таасирдүү катышууну колдоо;

- Балдарды экологиялык ой-жүгүртүүнү жана өзүн жаратылыштан ажырагыс бөлүгү деп сезүү менен ага жараша мамиле кылууну калыптандыруу;

“Мектепке чейин экологиялык билим берүүнүн методдору, формалары жана каражаттары”

Төмөнкүлөр:

- Бизди курчаган табиятка байкоо жүргүзүү, адабияттарды окуу, теле берүүлөрдү көрүү;
- Ачык аянттарды жашылдандыруу;
- Жандуу обьектерге байкоо жүргүзүү;
- Жаратылыш бурчтарын жандуу макулуктары бар уюштуруу;
- Табигый материалдан буюмдарды жасоо;
- Экологиялык темада дидактикалык, сюжеттик ролдук жана чыгармачыл сюжеттик оюндар, сабактар, майрамдар ;

“Адамга экологиялык тарбия” берүү-азыркы коомдун эң актуалдуу проблемасы. Экологиялык тарбиянын негизги максаты-жаратылышты коргоочуларды тарбиялоо, алар экологиялык билимдерге ээ болушуна, боорукерлике үйрөнүшүнө шарт түзүү, табиятка (жер, аба, өсүмдүктөр, жаныбарлар) сүймөнчүк менен сарамжал мамилеге тарбиялоо.

Экологиялык тарбиянын милдеттери:

- Экологиялык билимдердин жана көз караштардын системасынын калыптандыруу (балдардын интеллектуалдык өнүгүшү);
- Балдарда жаратылыш менен өз ара байланышты түшүнүү сезимин, аларды практикалык иште колдоно билүүнү өнүктүрүү;
- Балдарда өсүмдүктөр жана жаныбарларды багуу боюнча жөндөмдү жана ыкмаларды калыптандыруу;
- Балдарды курчаган чөйрө менен тыгыз байланышта болуп, табиятка сарамжалдуу камкор мамилелерди калыптандыруу;
- Жаратылыш каражаттары менен эстетикалык жана мекенчил сезимдерди тарбиялоо;
- Балдар ортосундагы достук мамилелерди чыңдоо;

- Чыгармачылык, элестетүү, ой жүгүртүү, көңүл буруу элементтерин өнүктүрүү;

- Элдик фольклордун чыгармаларын (белгилерди, макалдарды, уламыштарды) экологиялык тарбиялоодо кеңири пайдалануу.

Айлана-чөйрө баланын экологиялык тарбия алышынын эң маанилүү каражаты болуп саналат. Бала бакчанын айланасындагы жаныбарлар багылган объекттер менен дайыма байланышта болуп, кышкысын канаттууларды азыктандыруу, балыктарды багуу, чычкандарды асыроо, бадалчаларды, дарактарды, гүлдөрдү, жашылча-жемиштерди өстүрүү-бул балдарды баардык жандуу нерсеге камкор, гумандуу мамиленин ыкмаларын иштеп чыгуунун зарыл шарты болуп эсептелет.

Жаратылыш бурчундагы балдарга бөлмө өсүмдүктөрү менен тааныштыруудан мурда тарбиячы алардын мааниси жөнүндө, саламаттыкка таасири жөнүндө, анын эрежелери жөнүндө так билиши керек. Балдар күн сайын бөлмө өсүмдүктөүнө байкоо жүргүзүү, алардын жыты, өңү-түсүн, касиеттерин, атын билүүсү зарыл. Жаратылыш бурчуна атайын сунушталган гана өсүмдүктөр өстүрүлөт.

Балдарды өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жакшы абалда болушунун белгилери жана алардын жаман жагына өзгөрүүлөрү менен тааныштыруу керек:

- Өсүмдүк жашыл жалбырактуу болуп, гүлдөп турушу, мөмөсүн, уругун бериши, көбөйүшү мүмкүн же тескерисинче багылбаса соолуп, саргарып, жалбырактары түшүп, куурап кетет;

- Эгерде жаныбарлардын жашоосу жакшы болсо, дени сак көрүнөт, же болбосо тамак-аштан өксүсө ооруйт;

Балдардын табиятка болгон аёо сезимин тарбиялоо керек. О.э. адабий чыгармаларды, сюжеттери боюнча оюндар да пайдалуу. Мисалы: жомоктор, (“Асма үй”, “Чамгыр”, “Үч аюу”, “Чып-чыпалак”, “Сен жат, сен тур”), балдар жазуучулардын Чуковский К. “Айболит” ж.б. чыгармалары боюнча өтө кызыктуу болот. Андан тышкары экологиялык ырларды айттырууга болот.

“Бул ким?”, “Ким кандайча кыйкырат”, “Мени тап”, “Кайсыл бактан түшкөн жалбырак?”, “Сүрөттөлүшү боюнча тап”, “Гүлдөрдөн сайма жаса”, “Сыйкырдуу баштык”, “Жапайы жана үй жаныбарлары”, “Ким тоодо жашайт”, ж.б. ушул сыяктуу дилактикалык оюндар пайдалуу.

“Таранчы жана автомобиль”, “Чымчык жана балапандар”, “Күн жана жамгыр”, “Тооктун жөжөлөрү”, “Карышкырлар жана коендор”, “Мышык жана чычкан”, “Коюма карышкыр тийди”, “ак терек, көк терек”, “Токту сурамай”, “Учту, учту”, “Аюу жана аарылар”,

“Аңчы жана аарылар”ж.б. кыймылдуу оюндар ойнолот.

“Жаз келди”, “Нооруз көктөм майрамы”, “Сүйүктүү табиятты коргойбуз жана сактайбыз”, “Саламатсыңбы жай айы”, “Алтын күз”, “Нептун майрамы”, “Кышкы жомок”, “Кызыл жумуртка майрамы”ж.б. ушул сыяктуу майрамдар жана оюн-зооктор уюштурулат.

Негизги максат-экологиялык билимдерди калыптандыруу, жаратылыш коргоочуларды тарбиялоо, балдарды боорукерликке, табиятты (жерди, сууну, абаны, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды) сүйүүгө жана коргоого, анын байлыктарын сарамжал пайдаланууга үйрөтүү. Сейилдөөдө максаттуу экскурсияга чыгуу учурунда балдардын көңүлүн дайыма табияттын кооздугуна буруп, өсүмдүктөдүн абалына жана жаныбарлардын жүрүш-турушуна байкоо жүргүзүүгө, андан канааттануу алууга үйрөтүү керек. Тарбиячы сейилдеген учурда балдарды табигый чөйрөдө маданияттуу жүрүм-турумдарга үйрөтүүсү зарыл.

<u>«Тамчыгүл бизде конокто»</u>

ачык сабагынын иштелмеси (орто тобу)

Программалык мазмуну: Балдаргы суунун бизге жашообузда, өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын жашоосунда абдан керек экенин айтуу. Адамдар сууну : ичүүгө, жуунуга, сугарууга колдонулат экенин айтуу. Суусуз адам баласы дегеле жан-жаныбар жашай албасын айтуу менен сууга болгон мамилелерин жакшыртуу, ага аяр мамиле жасоо, булгабоо, үнөмдөп колдонуу керек экенин үйрөтүү. Тема аркылуу балдарды экологиялык жактан, эстетикалык жактан, адеп ахлактык жактан тарбия берүү жана сөз сүйлөөсүн өстүрүү.

Методикалык ыкма: Тема тууралуу аңгемелешүү. Суу жөнүндө ыр жаттоо, суунун, тамчылардын сүрөттөрү менен иштөө. Топтун ичине Тамчыгүл менен саякатка чыгуу. Күтүүсүз учур. Тыныгуу мүнөтү. Суроо берип, жооп алуу. Жеке иш алып баруу. Анализдөө, бышыктоо.

Сөздүк иш: тамчы, саякат, суу түтүкчөлөрү, кайнак суу.

Колдонуучу каражаттар: Куурчак Тамчыгүл, сүрөттөр, жаратылыш бурчу, оюн бурчтары.

Алдын алуучу иштер: бөлмө өсүмдүктөрү менен тааныштыруу , аңгемелешүү. Кезметке уюштуруу менен гүлдөргө туура мамиле жасатуу: сугаруу, топурактарын жумшартуу, жалбырактарын тазалоо. Жуунучу бөлмөдөгү сууну сарамжалдуу колдонтуу боюнча алдын ала түшүндүрүү.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар келгиле маанайларыбызды ачып бири-бирибизге жылмаю тартуулайлы. Балдар бизге кимдир бирөө шашып келе жатат. Ким болду экен? А бул Тамчыгүл турбайбы. Балдар силер тамчы деген сөздү түшүнөсүңөрбү?

Балдар: Ооба, тамчы бул суудан тамчылайт. Жамгыр тамчы болуп жаайт. Муздар тамчы болуп эрийт.

Тарб: Азаматтар балдар, Тамчыгүл мына сенин досторуң тамчылар каякта экенин айтып берип койдук.



Тамчыгүл: Салам балдар, мен силерге өзүмдүн бир туугандарым тамчыларга келдим. Силер мага тамчыларды жолуктурасыңарбы?

Тарб: Абдан жакшы болгон турбайбы, Тамчыгүл бизде көп жерде тамчылар бар, себеби суу түтүкчөлөрү менен биз суунун тамчыларын колдонобуз. Алар бизге көөп нерсеге жардам берет. Кана эмесе балдар Тамчыгүлгө топтогу тамчыларды көрсөтөлү. (топтогу тамчыларга жөнөшөт).

Балдар жүрүгүлө жаратылыш бурчуна баралы, ал жакта көөп тамчылар жашайт.

Балдар: Маакул эже. Гүлдөрдү сугаралы. Балыка жем берели, суусун тазалайлы.

Тарб: Мына Тамчыгүл карачы гүлдөр суусуз, тамчысыз жашай албайт. Биз гүлдөрдү суу менен сугарып турабыз. (чоң тамчыны чаптайт).




Аквариумдагы сууну карагылачы, балыктарга да суу керек, суусуз балык жашабайт. (чоң тамчыны чаптайт) Балдар балыктарга таза суу керекпи? Же булганыч, кир суу керекпи?

Балдар**:** Таза суу керек. Кир сууда балык жашай албайт.

Тарб: Туура балдар азаматсыңар. Таза суу баарыбызга керек, ошндуктан сууга аяр мамиле жасоо керек. Балыктын суусун да алмаштырып туруш керек.

Андан ары раковинадагы сууга келишет. (идиш жуучу) Тамчыгүл бул жерде тамчылар абдан көп, себеби бул жерде суу түтүкчөдөн суу агат, идиш аяк жуулат, чаңдар сүртүлөт. (чоң тамчыны чаптайт).

Тамчыгүл**:** Келгиле суу түтүкчөдөн сууну агызып койолу, себеби менин көөп тамчы досторум агып турушсунда.

Тарб: Жоок Тамчыгүл, андай болбойт, көөп суу агызсак сууну коромжу кылабыз, сууну аярлап, сарамжалдап колдонуу керек, ошондуктан түтүкчөлөрдү ачык калтырбоо керек. Керектүү гана учурда сууну ачып, агызып, пайдалануубуз керек.

Балдар**:** Туура эже сууну ысырап кылбоо керек. Суубуз жок калса жашай албай калабыз.




Андан ары ойногон бурчтарга баралы. Балдар оюнчуктарга суу керектейбизби?

Балдар**:** Керек, оюнчуктарды тазалап, жууйбуз. Куурчактардын кийимин жууйбуз, чаңдарын сүртөбүз.

Тарб: Оба туура, оюнчуктарды суу менен жууп туруу керек, себеби оюнчуктар кирдеп калат.

Тарб: Келгиле суу ичүүчү идиштин жанына баралы. Биз күнүгө ичип турган кайнатылган суунун идишинде дагы көп тамчы бар экенин көрсөтөлү Тамчыгүлгө. (тамчы чапташат).

Тазалык бөлмөдө дагы раковина бар, биз ал жерден колубузду самындап жууп, бетибизди жууп турабыз. (тамчы чаптайт).

Келгиле балдар топтогу тамчыларды санайлы, канча деген тамчы жашайт экенин Тамчыгүлгө бир туугандарын таап берели.

Тамчыгүл**:** Айиий абдан жакшы болбодубу, эми мен билдим бир туугандарым кандай

милдет аткарып жатканын. Абдан пайда алып келип жаткан турбайбы. Мен эми санам тынч өз мекениме кетейин, силер акылдуу, сезимтал балдар экенсиңер. Рахмат силерге мен кетейин. Силер эч качан сууну булгабагыла, бейчеки агызып ысырап кылбагыла. Суу бул өмүр булагы, сууну сыйлаган зор болоор, сууну кордогон кор болоор деген ата бабаларыбыздын кеби бар. Сууга аркандай таштандыларды таштабагыла балдар. Колдон келишинче сууну тазалап тургула. Эми жакшы тургула.

Балдар**:** Жакшы барыңыз!

Тарб: Балдар көрдүңөрбү биз сууну кандай максатта, кайсыл жактарга колдоноорубузду эсибизден чыгарбоо керек. Үйдөн дагы балдар сууну коротпой, жөн эле агызып таштабай, керек болгон учурда колдонуу керек. Суу бүт жандуу, жансыз заттардын баарына керек. Сууну аярлап колдонбосок түгөнүп жок болуп кетиши мүмкүн.

Тыныгуу мүнөтү**:**

Суу, суу, суу,
Менин бетимди жуу.
Колдорум болсун таптаза,
Беттерим болсун кыпкызыл,
Суу, суу, суу,
Менин бетимди жуу.
Оозубуз шаңдуу күлсүн,
Тиштерибиз бекем болсун.
Суу сыйлаган зор болоор,
Суу кордогон кор болоор.

Тарб: Балдар силер мага абдан жактыңар, азаматсыңар .

Балдар суу бизге эмне үчүн керек экен?

- Жашообузга, суусу жок жашоо жок экен.

Сууну эмнелерге колдонобуз?

- Сууну ичүүгө, жуунууга, тазалоого, өсүмдүктөргө, жаныбарлырга колдонобуз

Сууга кандай мамиле жасоо керек экен?

- Сууну кирдетпей, коромжу кылбай, таштанды таштабай, ысырап кылбай колдонуу керек экен.

Тарб: Туура балдар мына сууну сыйлагыла, таза кармагыла. Эми сейилдөөгө чыгалы.

(коштошуп чыгып кетишет).

Экологиялык тарбия берүү- азыркы учурда коомдун өтө актуалдуу болуп эсептелет. Азыркы этапта экологиялык тарбия берүү проблемасы коомдук мүнөзгө ээ болбостон, ал ар бир үй-бүлөө үчүн, чоңдор жана балдар үчүн маанилүү жеке мамилеге айланган. Андыктан

баланын билимин байытуу, боорукер болууга, өз жерин сүйүүгө , жерден чыккан кен байлыктарды туура пайдалануу керек экенин үйрөтүү керек. Мектепке чейинки курактагы балдар экологиялык аң сезимде жана системалуу тарбиялануугa тийиш. Баланы кичинесинен тартып табиятты сүйүүгө, аяр мамиле жасоого тарбиялоо керек.

Экологиялык маданиятка төмөнкүлөр кирет**:**

1. Табиятка зыян келтирбөө , анны көздүн карегиндей сактоо.
2. Айлана чөйрөгө сарамжал мамиле жасоо.
3. Жаратылышты коргоо жана анын кең байлыктарын арттыруу.
4. Табияттын сулуулугуна баа берүү , балдарга жеткиликтүү түшүндүрүү.

**Адабияттар**


1. Егоренков Л.И. Экологическое воспитание дошкольников и младших школьников: Пособие для родителей, педагогов и воспитателей детских дошкольных учреждений, учителей начальных классов. - Москва: АРКТИ, 2001.
2. Мазильникова Н.Н. Эколого-валеологическое воспитание дошкольников. Организация прогулок в летний период / Н.Н. Мазильникова, С.В. Терехина. – Санкт-Петербург: ООО «ИЗДАТЕЛЬСТВО «ДЕТСТВО-ПРЕСС», 2013.
3. Усенко Л.В., Сейдекулова Г.С. Мектепке чейинки балдарды экологиялык тарбиялоо. Б., 2015
4. Федотова А.М. Познаем окружающий мир играя: сюжетно-дидактические игры для дошкольников. – Москва: ТЦ Сфера, 2015.